Эшмамбетова Нурайым Мукамбетованын **“Өткөөл мезгилден кийинки кыргыз романдарында тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышы”** аттуу темадагы 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илиминин кандидаты даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата илимий жетекчи, филология илимдеринин доктору, профессор А.И.Мусаевдин

## ПИКИРИ

Эшмамбетова Нурайым Мукамбетованын “Өткөөл мезгилден кийинки кыргыз романдарында тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышы” аттуу темадагы 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илиминин кандидаты даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык иши кыргыз адабият таануу илиминде маанилүү орунда турган көркөм интерпретациялоо проблемасына арналган. Анын актуалдуулугу бул маселенин кыргыз роман жанрына байланыштырылып алгач ирет каралып жатканы менен түшүндүрүлөт. Изденүүчү анын илимий-теориялык мазмунун аныктоо үчүн орус жана дүйнөлүк адабият таануу илимде берилген көз караштарга талдоо жүргүзүү аркылуу кыргыз романдарына чыгып, аны атайын максатта системалуу кароого аракеттенген. Анткени, кыргыз адабият таануу илиминде бул проблема диссертациялык планда иштелип чыккан эмес.

Кыргызстанда бийлик алмашып, өлкө эгемендүүлүгүн алган чейрек кылым коомдо көз караштардын жаңылануусуна “өткөөл” мезгилди түзгөндүктөн, бул мезгилде жазылган романдардагы көркөм интерпретацияны кароо маселеси ушул түшүнүк менен айкалыштырылышы теориялык жактан туура болот. Ал эми “өткөөл мезгилде” жаралган кыргыз романдарында көркөм интерпретацянын орун алышы, анын бул мезгилге чейинки эволюциясы, дүйнөлүк адабий дөөлөттөр менен болгон интеграциясы бул изилдөөнүн жаралуусуна негиз болду. Өлкө ичинде ушул жылдарда жаралган романдар аталган проблеманын негизинде талдоого алынды. Азыркы адабий процесстеги мазмундук жана формалык жаңылануу өз алдынча изилдөөнү талап кылган болсо, ал иштин мазмунунда толук жана жеткиликтүү орун алды. Изилдөөдөн чыккан жыйынтыктар илимий басылмаларда, жарчыларда, мезгилдүү басма сөз каражаттарында чагылдырылды. Изилдөөчү өз көз карашын республика боюнча өтүп турган конференцияларда илимий коомчулукка сунуштай алды.

Диссертациялык иш ЖАКтын талабы менен аткарылды, б. а. иш негизги үч главадан, киришүү менен жалпы корутундудан жана пайдаланылган

адабияттардын тизмесинен турат. Ар бир глава боюнча жыйынтыктар өзүнчү корутундуда чагылдырылган.

Диссертациянын башкы милдети өткөөл мезгилден кийинки кыргыз романдарында тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышын аныктоо болсо, диссертация бул логиканы автор койгон максат-милдеттерге ылайык аткарды.

Н.М.Эшмамбетованын "Өткөөл мезгилден кийинки кыргыз романдарында тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышы" аттуу темадагы 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илиминин кандидаты даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык иши азыркы адабият таануу талап кылган илимий талдоону толук аткаргандыктан бул изилдөөнү коргоого сунуш кылууга болот деп эсептейбиз.

Илимий жетекчи,
филология илимдеринин доктору,
профессор А.И.Мусаев